Аваз Акимов , Нурлан Насип "Атаман"

Сөзү : М.Атаналиевдики

Обону : М.Атаналиевдики

Досум эсиңде барбы,

Ызы-чуу түшкөн мектептин алды .

Бас десе баспай, жаз десе жазбай,

Тажаткан күндөр эже-агайды.

Кайырма:

Мен биринчи атаман, сен экинчиде,

Бирде сени келтектеп, бирде келтек жеп мен.

Канча жолу мушташтык биз кыз талашып,

Аттиң ошол күндөр калды кайда адашып?

Досум бүгүн мен, сен да ,

Өзгөрдү баары, өзгөрдү эл да.

Балалык кезим сенин да менин,

Сагынтат бизди туулган жер да.

Кайырма:

Эх, доске эстей жүр дайым,

Биз ойноп,өскөн мектептин багын.

Тааныткан тамга сага да, мага,

Унутпа дайым эже–агайды.

Кайырма: